| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА |
|---|---|---|

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XVI сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

2024-жылдын 21 - февралы, № 16/1 Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовдун 2023-жылдын жыйынтыгы менен жүргүзгөн иштеринин абалы жана 2024-жылга милдеттери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 5-главасынын 50- "Айыл өкмөтүнүн башчысынын ыйгарым укуктары жөнүндөгү" беренесине жана ушул эле мыйзамдын 51- "Айыл өкмөтүнүн компетенциясы" беренесинин 1-пунктуна, айылдык Кеңештин Регламентинин 1-бөлүмүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна ылайык Ылай-Талаа айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2023-жыл ичинде жүргүзгөн иштери жана 2024-жылга милдеттери тууралуу Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовдун отчетун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовдун 2023-жылдын жыйынтыгы менен жүргүзгөн иштери тууралуу Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовдун отчету канааттандырарлык деп белгиленсин.

2. Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовго:
-айыл аймагын өнүктүрүү боюнча айыл өкмөтү тарабынан иштелип чыккан стратегиялык жана социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү пландарын ишке ашырууну камсыз кылсын;
-айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө чет элдик инвесторлор, коомдук эмес уюмдар жана демөөрчүлөр менен иш алып барууну колго алсын;
-дем берүүчү гранттык комиссияга, райондук өнүктүрүү фондуна төрттөн кем эмес долбоор сунуштоо менен иш алып барсын,
-санариптештирүүнүн негизинде калкка маалыматтык кызмат көрсөтүүнү жөнөкөйлөштүрүп, КР Министрлер Кабинетинин токтомуна ылайык өздүгүн тактоочу документтерди "Санарип Аймак" базасы аркылуу жеринде берүүнү уюштурсун,
-СЭД, Е-Кызмат, Инфодокс жана АиС ЗАГС программаларды ишке киргизүү менен кызматкерлер, мекемелер ортосунда электрондук документ жүргүзүү алакасына өтүү, жарандарды паспорттоштуруу, күбөлүктөрдү берүү, электрондук базага киргизүү жумуштарын айыл өкмөтүндө жүргүзүүнү камсыз кылсын,

-балдар менен иш алып барууга өзгөчө көңүл буруп, ата-энелери миграцияда жүргөн балдардын электрондук базасын түзүп, турмуш шарты оор үй-бүлөөлөр менен жакындан иш алып барууну колго алсын,
-калкты сапаттуу ичүүчү таза суу менен камсыз кылууну жана суу төлөмдөрүн өз убагында төлөөнү уюштурсун,
-суу пайдалануучулар бирикмесинин (СПА) ишин жандандырып, сугат суу менен камсыздоону, атайын техника, копатель алууну уюштурсун,
-таштандыларды ташып чыгуу боюнча "Ылай-Талаа - Тазалык" муниципалдык ишканасына ар тараптуу көмөк көрсөтүү менен долбоор аркылуу жаңы атайын техника алуу жагын колго алсын,
-жайыттарды, эгин талааларды коргоону, оруп-жыюу маселелерин жөнгө салууну уюштурсун,
-жайлоодон көчүп келүү жагын тартипке салуу, колдонуудагы көпүрөлөрдүн, ички чарбалык жолдордун абалын жакшыртуу, жарыктандыруу сыяктуу маселелерди колго алсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин бардык туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Н.Айтбаев**